**Педагогикалык, экономикалык жана техникалык колледж "Нур"**

**2021-2022-окуу жылы, №1 кезексиз педагогикалык кеңеш**

**Протокол № 55**

**05-август 2021 жыл**

**Педкеңештин мүчөлөрүнүн жалпы саны:33**

**Катышканы:21**

**Катышпаганы:12**

**Педкеңештин башталышы: 10.00**

**Педкеңештин аякташы:12.00**

**Каралуучу маселелер:**

1.2021-2022-окуу жылына кабыл алуунун аралык жыйынтыгын талкуулоо (Токтоматова Г.О.)10 минут

2.2021-2022-окуу жылына штаттык структураны жана штаттык түзүмдү кароо (Ураимов А.Ж.) 20 минут

3.Окутуучуларды аттестациялоо маселеси (Ураимов А.Ж.) 15 минут

**4.Ар башка маселелер:**

1) Кесиптик бирлик уюмунун маселесин кароо (Ураимов А.Ж.) 5 минут

2)Көз карандысыз аккредитациядан өтүүгө байланышкан маселелер (Ураимов А.Ж.)10 минут

3)Чет өлкөнүн жарандары болгон студенттердин, колледждин кызматкерлеринин жакын тууганларынын окуу төлөмдөрүнө жеңилдик берүү (Ураимов А.Ж.) 10 минут

4)Окуу төлөмдөрүн өз убагында төкпөгөн студенттерге айып пул салуу маселеси (Ураимов А.Ж.) 10 минут

**1.2021-2022-окуу жылына кабыл алуунун аралык жыйынтыгын талкуулоо маселеси боюнча Г.О.Токтоматова чыгып буларды билдирди:** 1-2-тур боюнча кабыл алуунун көрсөткүчү :

| | | |
|---|---|---|
| 1 тур | 9- база | 8 абитуриент |
| | 11- база | 6 абитуриент |
| 2 тур | 9- база | 13 абитуриент |
| | 11- база | 5 абитуриент |

Жыйынтыгы: 1-2-турдагы абитуриенттер 32

**Чечим:**Бул жыйынтык акыркы жыйынтык эмес кийинки турларда дагы кабыл алуу жүргүзүлөт.

**2.2021-2022-окуу жылына штаттык структураны жана штаттык түзүмдү кароо маселеси боюнча А.Ж.Ураимов төмөнкүлөрдү билдирди:** Өткөн жылга

салыштырмалуу студенттердин саны аз жана башкаруучулук персоналдын эмгек акы фонду окутуучулук персоналдын эмгек акы фонду менен теңелип калгандыгына байланыштуу административдик башкаруучулук персоналдын штаттык түзүмүн кыскартуу зарыл. (жаңы штатык түзүмдүн долбоору тиркелет)
Штаттык жаңы түзүм талкууланып жактырылды жана добушка коюлуп, катышуучулардын көпчүлүгү макул болушту.

**Чечим:** Жаңы штаттык түзүм бекитилсин деп чечим кабыл алынды.

3.**Окутуучуларды аттестациялоо маселеси боюнча А.Ж.Ураимов төмөндөгүлөрдү билдирди:** Колледжде иштеген окутуучулардын эмгек акысы башка окуу жайларга салыштырмалуу аз болгондуктан, кошумча эмгек акы төлөөнү сунуштайм. Кошумча эмгек акы төлөө окутуучуларды аттестациялоодон өткөрүү аркылуу жана аттестациялоодо негизги басым окутуучулардын кесипкөйлүгүнө жана аткарган иштеринин сапатына байланыштырууну сунуштады.А.ЖУраимовдун сунушу жактырылып колдоого алынды.

**Чечим:** Окутуучулар аттестациялоодон өткөрүлсүн жана аттестациялоонун жол-жоболорун, мөөнөтүн жана иш планын түзүү Г.О.Токтоматовага жүктөлдү. Аттестациялоонун иш кагаздарын кийинки педкеңеште бекитүү жөнүндө чечим кабыл алынды.

4.1) **Вакант административдик-башкаруучулук орундардын маселесин кароо, сунуштоо боюнча А.Ж.Ураимов төмөнкүлөрдү билдирди:** Директордун окуу иштери боюнча орун басары Божиева Элиза Эрмековна декреттик өргүүгө чыккандыгына жана колледждин практика жетекчиси Акматова Базаргүл Мамановна жумуштан бошоп кетип аткандыгына байланыштуу, аладын ордуна колледждин кызматкерлерин көрсөтүүнү сунуштады.
Б.Э.Ташматова: Э.Э.Божиеванын ордуна ББСК инспектору болуп эмгектенген Токтоматова Гульнара Орунбаевнаны көрсөтүп, анын аракетчилдигин, коомдук иштерге активдүү катышкандыгын эске алып ага ишеним көрсөткөндүгүн айтты.
Жумуштан кеткен Б.М.Акматованын Г.Ч.Орунбаева: окуу жайда коллектив менен жакшы тил табышып көптөн бери иштеп келген Мырзаканова Айжамал Айдаралиевнаны көрсөттү.

**Чечим:** Жогорудагы эки сунуш тең добушка коюлуп, көпчүлүктүн колдоосу менен Г.О.Токтоматованы –директордун окуу иштери боюнча орун басары кызматына жана А.А.Мырзакановоны – директордун өндүрүштүк окутуу жана практика жетекчиси боюнча орун басары кызматына сунуштоо жөнүндө чечим кабыл алынды.

А.Ж.Ураимов өз сөзүн улантып ББСК инспектору Г.О.Токтоматованын ордуна башка кызматкерди көрсөтүүнү сунуштады. Бул маселе боюнча директордун кеңешчиси К.Ж.Усенов чыгып, бул кызматка окуу жайда көптөн бери иштеп келаткан Г.А.Казыбекованын кандидаттыгын сунуштап, анын мурда тарбия иштери боюнча директордун орун басары болуп иштегенин эске алып, бул кызматты дагы алып кетет деген ишенимин билдирди.

**Чечим:**К.Ж.Усеновдун сунушу көпчүлүк добуш менен колдоого алынды жана Г.А.Казыбекованы ББСК инспектору кызматына сунуштоо чечими кабыл алынды.

**4.2) Кесиптик бирлик уюмунун маселесин кароо боюнча А.Ж.Ураимов чыгып:**
Колледжде кесиптик бирлик уюму расмий мыйзам түрүндө катталбагандыгына байланыштуу төмөндөгүдөй үч жолун айтты:
1-жолу: окуу жайда расмий түрдө кесиптик бирлик уюму түзүлүп, анын жетекчисин шайлап керектүү иш кагаздарын иштеп чыгуу менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлик уюмуна каттоо.
2-жолу: колледжде локалдык кесип бирлик уюмун түзүү.
3-жолу: колледжде кесиптик бирлик уюмун түзүүнүн муктаждыгы жок.
А.Ж.Ураимовдун үч сунушу боюнча талкуу болуп, бирдиктүү чечим кабыл алынбады,

**Чечим:**Жыйынтыгында тарых окутуучусу Ныязбек уулу Исабекке Кыргыз Республикасынын кесиптик бирлик уюму жөнүндөгү тиешелүү мыйзамдарын анализдеп жана колледждин кызматкерлеринин сунуштарын чогултуп, кесиптик бирлик уюму боюнча маселени кийинки кезектеги педкеңешке алып чыгуу тапшырылды.

**4.3)Чет тил адистигин аккредитациядан өткөрүү маселеси боюнча А.Ж.Ураимов төмөнкүлөрдү билдирди:** Быйылкы жылы чет тили программасы көз карандысыз аккредитациядан өтүшү керек.Программа жетекчиси Б.Д.Батыралиевага 2021-жылдын 1-декабрына чейин англис тили программасын аккредитациядан өтүүгө толук даярдоо тапшырылсын. Колледждин башка структуралык бөлүмдөрү жана жооптуу кызматкерлери англис тили программасын аккредитациядан өткөрүүгө көмөк көрсөтүшү сунушталды.

**Чечим:**Б.Д.Батыралиева 2021-жылдын 1-декабрына чейин аккредитацияга тиешелүү иш кагаздарды даярдасын жана башка жооптуу кызматкерлер көмөк көрсөтүшсүн деген чечим кабыл алынды.

**4.4)Чет өлкөнүн жарандары болгон студенттердин, колледждин окутуучуларынын жакын тугандарынын окуу төлөмдөрүнө жеңилдик берүү жөнүндө А.Ж.Ураимов төмөндөгүлөрдү билдирди:** Ушул мезгилге чейин чет өлкөнүн жарандары болгон студенттер, КР жарандарына салыштырмалуу окуу төлөмдү 50% көп төлөп келишкен, профили биздин колледждей болгон башка окуу жайларда бул көрсөткүч 25% ашпайт экен. Бул жагын эске алып биздин колледжде чет өлкөнүн жарандары болгон студенттер 20% кошумча окуу төлөмүн төлөшсүн, ал эми колледждин финансылык абалына байланыштуу колледжде иштеген кызматкерлеринин жакындары башка студенттер катары окуу төлөмүн төлөшсүн деген сунуштарды киргизди. Сунуштар колдоого алынып чечим кабыл алынды.

**Чечим:** Чет өлкөнүн жарандары болгон студенттер 20% кошумча окуу төлөмүн төлөйт, ал эми колледжде иштеген кызматкерлердин жакындары башка студенттер катары окуу төлөмүн төлөйт деп чечим кабыл алынды.

**4.5)Б.Э.Ташматова чыгып окуу төлөмдөрүн өз убагында төлөбөгөн студенттерге айып пул салуу жөнүндө төмөндөгүлөрдү билдирди:** Окуу жайда кээ бир студенттер өз убагында окуу төлөмдөрүн төлөшпөйт.Мурда колледждин эрежесине ылайык көрсөтүлгөн убакта окуу төлөмүн убагында төлөбөгөн студенттер окуудан четтетилген. Ал эми 10 күндүн ичинде тикеленүүнү каалоосун билдирген студенттер 500 (беш жүз) сом айып пул төлөө аркылуу тикеленүүчү эле. Бул чара эффективдүү болбогондуктан жана окуу төлөмдөрүнүн өз убагында төлөбөгөндүгүнө байланыштуу, колледждин чыгаша сметасы өз убагында аткарылбай жаткандыгын эске алып, финансылык дисциплинаны сактоо максатында окуу төлөмдөрүн өз убагында төлөбөгөн студенттерге 2000(эки миң) сом айып пул салуу сунушун киргизди. Сунуш катышуучулар тарабынан колдоого алынып, төмөндөгүдөй чечим кабыл алынды.

**Чечим:** Окуу төлөмдөрүн өз убагында төлөбөгөн студенттер 2000 (эки миң)сом айып пул төлөө аркылуу тикеленишсин деп чечим кабыл алынды.

Педагогикалык кеңештин төрагасы: А.Ж.Ураимов
Педагогикалык кеңештин катчысы: Г.Ч.Орунбаева